УДК 297.1
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/2-425-432

**Иминов А.Ж.**
аспирант
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
Iminov.aybek@mail.ru

## КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ДИНИЙ КЫРДААЛ, КӨП ТҮРДҮҮЛҮК ПРИНЦИБИ

**Аннотация:** Көп түрдүүлүк, чындыгында, демократиялык талаш-тартыштардан көз карандысыз, социалдык жана саясий теориянын калыптанган концепцияларынын бири. Бул чөйрөдө көп түрдүүлүк башкача айтканда плюрализм фактылык реалдуулуктун жана ченемдик коомдук-саясий сунуштун аты катары чыгып, ал эки аспектиде өзүнчө коомдук илимдердин изилдөө предмети болуп саналат. Ошентип, плюрализм бул контекстте эки башка мааниге ээ, бири сыпаттоо-аналитикалык жана экинчиси нормативдик. Сүрөттөөчү-аналитикалык концепция катары плюрализм заманбап коомдордун түзүлүшүн сүрөттөө үчүн колдонулган түшүнүк. Кыргыз Республикасында көп конфессионалдуу коом калыптанган. Кыргызстандын жарандары динге мамиледе ар түрдүү ынанымдарды карманышат. Өлкө жарандарынын көпчүлүк бөлүгү анын аймагында көп кылымдан бери тарыхый жактан бекемделип, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түзүлүшүндө белгилүү тарыхый ролду ойногон динди тутушат. Макалада Кыргызстандагы учурдагы диний кырдаал талдоого алынат жана көйгөйлөр тууралуу маалымат берилет.

**Негизги сөздөр:** дин, диний кырдаал, дин тутуу, агым, мазхаб, диний уюм.

**Иминов А.Ж.**
аспирант
Кыргызский государственный университет имени И.Арабаева
г.Бишкек
Iminov.aybek@mail.ru

## РЕЛИГИОЗНАЯ СИТУАЦИЯ В КЫРГЫЗСТАНЕ, ПРИНЦИП МНОГООБРАЗИЯ

**Аннотация:** Фактически, разнообразие является одной из устоявшихся концепций социальной и политической теории, независимой от демократических дебатов. В этой области разнообразие, то есть плюрализм, выступает как название фактической реальности и нормативного социально-политического предложения и является предметом исследования отдельных социальных наук в обоих аспектах. Таким образом, плюрализм в этом контексте имеет два разных значения: одно дескриптивно-аналитическое, а другое нормативное. Плюрализм как описательно-аналитическое понятие – понятие, используемое для описания структуры современного общества. В Кыргызской Республике сформировалось многоконфессиональное общество. Граждане Кыргызстана придерживаются различных религиозных убеждений. Большинство граждан страны исповедуют религию, которая исторически укрепилась на ее территории на протяжении многих веков и сыграла значительную историческую роль в становлении кыргызской государственности. В статье

анализируется современная религиозная ситуация в Кыргызстане и сообщается информация о существующих проблемах.

**Ключевые слова:** религиозная ситуация, религия, течение, школа, религиозная организация.

**Iminov A.J.**
graduate student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c
Iminov.aybek@mail.ru

## RELIGIOUS SITUATION IN KYRGYZSTAN, THE PRINCIPLE OF DIVERSITY

**Abstract:** In fact, diversity is one of the established concepts of social and political theory, independent of democratic debate. In this area, diversity, that is, pluralism, acts as the name of the actual reality and normative socio-political proposal and is the subject of research of individual social sciences in both aspects. Thus, pluralism in this context has two different meanings: one descriptive-analytical, and the other normative. Pluralism as a descriptive-analytical concept is a concept used to describe the structure of modern society. A multi-confessional society has formed in the Kyrgyz Republic. Citizens of Kyrgyzstan adhere to various religious beliefs. The majority of citizens of the country profess a religion that has historically strengthened on its territory over many centuries and played a significant historical role in the formation of Kyrgyz statehood. The article analyzes the current religious situation in Kyrgyzstan and provides information on existing problems.

**Key words:** religion, religious situation, movement, school, religious organization.

Классикалык плюралисттик түшүнүктө атаандаш топтордун болушу бардык татаал коомдордун табигый өзгөчөлүгү катары каралат. Ошого жараша азыркы коом ойлору, кызыкчылыктары жана жашоо тариздеринин негизинде дифференцияланган жана бул айырмачылыктар саясатка таасир этүү үчүн өз ара уюшкан. Демек, бийлик саясий чечимдерди түзүүгө таасир этүү үчүн бири-бири менен атаандашкан бул түрдүү топтордун ортосунда бөлүштүрүлөт. Башкача айтканда, коомдогу бийлик иерархиялык түзүлүштө эмес, ал топтордун ортосундагы үзгүлтүксүз соодалашуунун чордонунда турган атаандаштык мүнөзгө ээ. Бул контекстте мамлекеттин ролу бул топтордун ортосундагы арбитр катары алардын ар кандай талаптарын макулдашуу аракети менен аныкталат. Плюралисттердин пикири боюнча, коомдо бир дагы топ же класс үстөмдүк кылбайт; Бардык топтор саясий процессте өз үнүн чыгара алат. Америкалык белгилүү саясат таануучу Роберт Далдын демократияны “полиархия”, б.а. “көп бийлик системасы” деп аташы да ушул идеянын бир көрүнүшү. Бирок, кээ бир плюралисттер мамлекеттин коомдук турмуштагы бул негизги ролун кабыл алууну жакташкан эмес. Алардын пикири боюнча, коомду мамлекеттен келип чыккан иерархиялык түзүлүш катары кароо туура эмес, ал эми чындыгында мамлекет плюрализмдин бир эле элементи, демек, инсандардын таандыктыгынын бир гана элементи болуп саналат [1].

Негизинен аналитикалык концепция болгону менен, албетте, плюрализмдин ченемдик саясий мааниси да бар. Чындыгында, демократиялык плюралисттер демократия жана эркиндик үчүн коомдун ичинде көп сандагы салыштырмалуу автономдуу саясий жана

экономикалык уюмдардын болушун сактоонун маанилүүлүгүн белгилешти. Анын үстүнө саясий плюрализм ири коомдордун башкаруу системасы демократиялуу болушу үчүн ар кандай кызыкчылыктар өз көз караштарын билдирип, бийлик үчүн атаандаша ала турган институттар болушу керектигин баса белгилейт. Бул саясий партиялардын атаандаштык системасы плюралисттик демократиянын өзгөчөлүгү болуп саналат дегенди билдирет [2].

Нормативдик теория катары плюрализм айтылганда, чындап эле адеп-ахлактык плюрализм же башкача айтканда, «нарктык плюрализм» түшүнүлөт [3]. Белгилүү британиялык саясий ойчул Исайа Берлиндин (1909-1997) айтымында, өткөн кылымдагы этикалык плюрализмдин типтүү өкүлү, негизги адамдык баалуулуктардын көптүгү объективдүү чындык. Бул адамдардын көздөй турган максаттары көп жана ар түрдүү экендигин билдирет; эркиндик, теңдик, адилеттүүлүк жана сабырдуулук сыяктуу. Башкача айтканда, адамдарды бир эле «адамдык жакшылык» эмес, «жакшы жашоону» ар кандай түшүнүү жетектейт. Бирок, бул түшүнүктөр жана баалуулуктар дайыма эле бири-бирине шайкеш келе бербейт. Ошондуктан, адамдар көп учурда ар кандай жагынан кыйла кымбатка турган булардын ортосунда оор тандоолорду жасоого туура келет. Исайа Берлиндин ою боюнча, адеп-ахлактык плюрализмдин ченемдик саясий мааниси бул: баалуулуктардын көптүгүнө байланыштуу адам абалынын бул сөзсүз өзгөчөлүгүнө эң туура келген система - бул ар кандай баалуулуктардын жанаша жашоосуна мүмкүндүк берген либертариандык, плюралисттик демократия. Бирок, мындай система адамдарды бир гана белгилүү бир баалуулукка же максатка же максаттар иерархиясына ээрчүүгө милдеттендирбейт жана алардын жашоосун өз тандоосуна ылайык багыттоого мүмкүндүк берет.

Ошол эле учурда, баалуулуктар плюрализми менен маданий көп түрдүүлүктүн ортосунда да байланыш бар экенин белгилей кетүү керек. Анткени, адеп-ахлактык плюрализмдин көз карашынан алганда, татаал коомдордун маданий көп түрдүүлүгү бир гана фактылык жагдай эмес, ошондой эле баалуулуктардын түпкү көптүгүнүн чагылышы болуп саналат. Ошондуктан, адеп-ахлактык плюрализмдин көз карашын кабыл алгандар көбүнчө маданий көп түрдүүлүктү коргоо, ал тургай колдоо керек деп ойлошот. Коомдун маданий көп түрдүүлүгүнүн аркасында инсандар өздөрүнөн айырмаланган маданияттардан жана жашоо образынан үйрөнүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат; Бир жазуучунун сөзү менен айтканда, көп түрдүүлүк – «белгилүү бир идеянын үстөмдүгүнө тоскоол болгон коомдук жакшылык» [4].

Борбордук Азия анын ичинде Кыргыз Республикасында көп түрдүүлүк, маданий жана диний жактан өз ара айкалышып уникалдуулугун сактап, коомдун бир бүтүндүгүн камсыздоого аракет кылып келет. Мындай абалды көп кылымдык тажрыйбадан көрүүгө болот.

Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан кийин, дин жана диний уюмдарга карата (жөрөлгө, коомдук-өндүрүштүк-чарбалык ж.б. уюштуруу иштери) чектөөлөр алынды. Чектөөлөр алынгандан кийин албетте диний уюм жана түзүлүштөр көбөйдү. Динге кызыгуу күч алып, коомдук жана инсанга байланыштуу маселелер (глобалдуу же күнүмдүк дебей бардык эле көйгөйлөр) дин менен чечмелене баштады, көйгөйлөрдү чечүү жолдору да диний көз караш менен түшүндүрүлө баштады. Эркиндик берилгендиктен жаңы көз караштагы диний уюм, диний топ, диний жамаат сыяктуу жаңы ырасымдык тажрыйбалар пайда болду. Албетте булардын санынын өсүшүнө тышкы факторлор өзгөчө таасир берди [5]. Бул абал бир жагынан жакшы болгону менен бир жагынан аябагандай көп маселелерди жаратты.

Ошондуктан да *“аталган процесстердин өнүгүүсү мамлекеттин диний чөйрөдөгү жөнгө салуучулук функциясынын күчөшүнө алып келди”*– деп белгиленет [5].

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында диний абал туруктуу болсо, кийинки жылдарда бул абал башка өңүттө өнүктү. Мисалы 1991-жылы Советтер Союзу тарап жаткан учурда Кыргызстанда Ислам багытында 39 мечит, ал эми Христиан багытында 29 чиркөө коому иштеген болсо, 1991-жылдан кийин динге болгон кызыгуу кескин көбөйдү [6]. Көзөмөл кылуу багытында эмендүүлүк мезгилинде өлкөдө поликонфессионалдык коом түзүлдү деп айтууга болот.

**Кыргызстандагы диний кырдаал**

КР Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы белгилегендей: “*Азыркы учурда Кыргыз Республикасында түрдүү диний бирикмелер өз иштерин жүргүзүп жатат. Алсак, 2024-жылга карата Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясында **4313** диний уюм каттоодон өткөн. Алардын **3914** ислам (3593 мечит, 220 диний окуу жайлар), **395** христиан багытындагы уюмдар (католиктик, баптисттик, лютерандык, элүүнчүлөр, жетинчи күндүн адвентистери, пресвитериан, харизматикалык, жахабаа күбөлөрү, чет элдик миссиялар) бар. Ошондой эле **3** бахаи жамааты, 1 иудей жана 1 буддистер жамааты каттоодон өткөн. Каттоодон өткөн диний уюмдардын эң ириси болуп мусулмандардын арасында ханафий мазхабын жана матурудий ишенимин сактоону камсыз кылуучу Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгы эсептелет. Коопсуздуктун заманбап чакырыктарын, маектешүүлөрдү жана диний сабырдуулукту өнүктүрүүнүн зарылдыгын эске алуу менен диний бирикмелер толеранттуулукту, биримдикти жана маданияттардын көп түрдүүлүгүн сактоо боюнча өз ишин жүргүзүп жатышат”* [6].

Белгилей кетүүчү нерсе, коомдун диний бөлүштүрүлүшүнө коркунуч туудурган деструктивдүү топтор, Кыргызстанда динди өнүктүрүү деген ат менен радикалдуу динологдун алкагында иш-аракеттерин жүргүзүп келет. Ушуга байланыштуу, Кыргызстандагы Ислам коомундагы кырдаалга ылайыкташуу жана мамлекетти мамлекеттик деңгээлде өтө кылдаттык менен карап чыгыш керек. Бул үчүн мамлекет же мамлекеттик кызматкерлер, мамлекет менен диндердин ортосундагы мамилелердин моделин түзүшү керек [7, 8-б]. Себеби, *акыркы жылдары Кыргызстанда эле эмес бүткүл дүйнө жүзүү боюнча диндин радикалдашуу тенденциясы жүрүп жатканын байкалып турат. Бул тенденция конфессиялар арасындагы араздашууга, чыр-чатактардын ортого чыгышына жана радикал диний агымдардын таасиринин жайылышына себеп болгон экстремисттик жана террористтик кыймылдардын пайда болушуна жол ачып жатат.*

Демек Кыргызстан өзүнүн моделин иштеп чыгууга милдеттүү. Себеби Борбордук Азиядагы элдердин дээрлик бардык бөлүгү салттуу деп эсептеген дин жана түшүнүк бар. Мына ошол түшүнүктү эске алуу менен Кыргызстан да салттуу дин катары суниттик Ислам дининин Ханафий-Матуридий диний-укуктук мектеби кабыл алынат. Бул диний-укуктук мектеп, Ислам динindеги башка мазхабдардан *өзүнүн толеранттуулугу, ыңгайлуулугу, улуттук каада-салттарды исламдын баалуулуктарына каршы койбогундугу жана мамлекет менен дин ортосундагы өнөктөш мамиленин өсүүсүнө идеологиялык негизи бар экендиги менен* айырмаланат. Салттуу исламдын бул мүнөзү, Советтер Союзу учурунда жүргүзүлгөн атеисттик пропагандага карабастан, мамлекет менен диндин ортосундагы мамилени чыр-чатаксыз эле улантканга шарт түзгөн.

Демек, Советтик негизде да ийгиликтүү жол көрсөткөн салттуу дин түшүнүгү, светтик мүнөздөгү өлкөдө да колдоого алынса болот. Болгону өлкө, дин жана диний уюмдарды жана

өзгөчө жаңыдан пайда болуп жаткан агымдарды тартипке салышы керек. Нормативдерин иштеп чыгып, мыйзамдын ненизинде *мамлекеттин дин аралашпаган моделин сактап калууга* жогорку деңгээлде көңүл бурушу керек. Ооба көзөмөл керек, бирок ошол эле учурда мамлекеттеги кайсыл бир динге артыкчылык берген жарандардын да укугун сактоо керек. Бул демек Кыргызстанда жарандардын дин тутуу эркиндигин ишке ашыруу актуалдуу бойдон калат. Мына ошондуктан 2013-жылдан баштап Кыргыз Республикасында, диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатты реформалоо жаатында алгылыктуу иштер башталды деп айтууга болот.

**Көп түрдүүлүктүн мыйзамдык негиздемеси**

Кээ бир диндер керектөө коомунун заманбап идеалдарын кабыл алып, бул жашоодо бакытка умтулууну адамзат үчүн мыйзамдуу, алтургай мактоого татырлык максат катары таанып, рухий жашоо менен адеп-ахлактык осуяттардын ортосунда ошого жараша башкача мамилени орнотушкан. Бул өз учурунда салттуу дин түшүнүгүнө ылайыктуу адеп-ахлактын жана жүрүм-турум эрежелерине калктын көз карашынын түздөлүшүнө шарт түзөт. Диндер өздөрү белгилеген адеп-ахлактык эрежелердин табияты, ишке ашыруу абалы жана аткаргандыгына жараша сыйлык берүү же эрежелерди бузуу учурунда жазалоо принцибин орнотуу жагынан бири биринен айырмаланат. Мына ушул жерде көп түрдүүлүк мааниге ээ болот. Кыргызстанда диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясаттын стратегиялык артыкчылыктарын тандоо бул жерде пайда болгон көптөгөн көйгөйлөрдү чечүү үчүн кырдаалды талдоо менен аныкталган.

Кыргызстан 1990-жылга чейин дин менен чексиз күрөш жүргүзүү тажрыйбасын карманган болсо. Тагыраагы элдин тарыхый, маданий, менталдык өзгөчөлүктөрүн эсепке албастан, либералдык мамилелерге мамлекеттик-диний мамилелердин атеисттик модели катуу сунушталган жана карманган болсо, эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында жана андан кийин дин жана диний бирикмелер менен кызматташууга өттү. Бирок бул жерде тоталитардык кырдаалдан секирип өтүп кеткен. Көз карандысыздыгын алган Кыргызстан 30 жылдан ашык бир мөөнөттө *мамлекет жана дин* деген түшүнүктү байланыштырууга аракет кылып келет. Анткени *укуктук чөйрөдө болуп жаткан позитивдүү процесстер*, диндин коомдогу ролу жана орду бар экенин белиглеп, пайда болгон абалга жараша мыйзамдарды түзүү керектигин белгилөөдө. Жарандардын көптүгү динге ишенген катмарды түзгөндүктөн, дин тутуу эркиндигинин укуктук жөнгө салуу, чоң мааниге ээ болду. Жарандардын динге болгон мамилесин белгилеген принциптердин декларациясы, жарандардын абийир жана дин тутуу эркиндигине байланышкан эл аралык укук бул жаатта жакшы багыт берет. Адамдардын укугун коргоо жалпы таанылган принциптер жана нормалар менен аныкталат. Мына ошол нормаларга таянып, Кыргызстанда дин тутуу эркиндиги менен тыгыз байланышкан тез арада чечүүнү талап кылган маселелерге көңүл бурууга болорун айта алабыз [8].

Диний чөйрөдөгү мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча иш-чаралар планына ылайык, учурда дин маселелери боюнча мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнөн жана эксперттерден турган жумушчу топ Кыгыз Республикасынын, "*Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар*" жөнүндө мыйзам долбоорун үстүнөн иштеп жатышат. "Бул документтердин өзүнчө пунктунда мамлекеттик органдар менен диний уюмдардын ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн жана алардын ишине мониторинг жүргүзүүнүн механизмдери төмөнкү маселелерде белгиленет: диний уюмдарды, объекттерди, окуу жайларды жана миссионерлерди каттоо жана кайра каттоо системасын оптималдаштыруу (алардын статусун

аныктоо) жана категориялар боюнча каттоону жүргүзүү; диний уюмдардын иши жөнүндө маалыматтарды (отчетторду) берүүнүн тутумун жана форматын өркүндөтүү; мамлекеттик органдар тарабынан диний уюмдардын жана алардын өкүлдөрүнүн ишине мониторинг жүргүзүү системасын түзүү [9].

Көп түрдүлүк бул багытта бөлүп жаруучу эмес, кайра топтоштуруучу өзгөчөлүктө болууга тийиш. Кыргызстандын бирдиктүү элин – «Кыргыз жараны» түзгөн бардык этностордун консолидациясы аркылуу өлкөнүн келечеги, анын аймактык бүтүндүгү жана эгемендиги, бакубат жашоосу үчүн бардык жоопкерчиликти бирдей жана толук бөлүшүү принциби болуп саналат. Ал эми көп нерсе титулдук улуттан, кыргыздардан көз каранды, алардын бардык кыргызстандыктарды бириктирүү жана консолидациялоо үчүн күчтүү саясий эрки жана акылмандыгы бар. «Кыргыз жараны» - Кыргызстандын жараны [10] – Кыргызстанда салттуу түрдө жашаган 100дөн ашык этностордун биримдигинин өкүлү, кыргыздар бирдиктүү Конституциянын, тилдин (мамлекеттик жана расмий), аймагынын, экономикалык, социалдык, маданий мамилелеринин негизинде бириккен.

Рухий коопсуздукту бекемдөө адамды маданияттын негизги баалуулуктарына, үй-бүлөлүк жашоонун туура акценттерине, жакшы китептерге үйрөтүү жана тарбиялоо аркылуу ишке ашат. Андай адам адеп-ахлаксыз болбойт, алдабайт, жасалмачылыкка барбайт, таштандыга, сөзгө, ыплас ойго, иш-аракетке кирбейт. Андыктан маданиятсыз, руханий жактан жарды адамды бийликке, жоопкерчиликтүү ишке, өзгөчө билим берүү тармагында балдар, жаштар менен иштөөгө жол бербеш керек. Ошол эле учурда абийир адамдык энергиянын эң дымактуу булагы, аны маданият жана билим гана ойгото алат [11].

Кыргызстанда диний кырдаал боюнча сөз болгондо, калктын коомдук-социалдык, каржы-экономикалык жана саясат жаатындагы жашоосунда туура багыттар болгондой эле, бул жааттарда өзгөчө динге байланыштуу сфераларда диний бирикмелердин мамлекеттик структурага тийгизген кээ бир көйгөйлүү жана терс жактары да бар. Бул көйгөйлөрдү жалпысынан 5 багытта кароого болот:

Биринчиси, мамлекеттин светтик мүнөзү принцибин бузууга байланыштуу учурлар. *Бул бир катар диний жетекчилердин жана дин кызматкерлеринин мамлекеттик жана муниципалдык органдардын иштерине кийлигишүү аракетинен, алардын диний факторду саясий ресурс катары колдонуусунан байкалат. Ошол эле учурда мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер кызматтык милдеттерин аткарууда дайыма эле бейтараптык принципти сактай беришпегенин көрүүгө болот* [12, 13].

Экинчиси болсо, диний чөйрөдө ченемдик укуктук жөнгө салуунун өнүкпөгөндүгү. *Бул жетишсиздик - укуктук коллизиялар, терминдерди жана түшүнүктөрдү аныктоодогу боштуктар укук колдонуу тажрыйбасындагы карама-каршылыктарга алып келүүдө; мыйзамдардын диний чөйрөдөгү процесстерди жөнгө салуусунун таасирине системалуу мониторинг жүргүзүү жана баа берүүгө өзгөчө көңүл буруу керек; ченем жаратуу процесстери жүрүп жаткан өзгөрүүлөрдүн динамикасынан артта калууда* [12, 13].

Үчүнчү жактан, кээ бир адамдардын коомдун кыжырын келтирген иш-аракеттерге баруусу. *Мисалы адамдардын диний сабырсыздыгы, зомбулукка чакыруулары, көп аял алууга, эрте никелешүүгө жана башка басмырлоочу практикаларга үгүттөөсү*. Бул албетте коомдо динге башкача көз-караш менен караган адамдардын диний жамааттарга карата стереотиптик түшүнүктөрүн күчөтүүдө. [12, 13].

Төртүнчү себеп, диний сабаттуулукту жогорулатуу жана татыктуу диний билим берүүнү жөнгө салуунун ишке ашырылбагандыгы. *Мунун кесепетинен диний билим берүүдө,*

*диний сабырдуулукка жана жарандык жоопкерчиликке түрткү берүүчү заманбап, позитивдүү кайрылууларга айландыруу артта калууда. Себеби бул нерсеге жөндөмдүү адистер жок. Мамлекеттик окуу жайлардагы билим берүүдө теологиялык жана дин таануучулук мамилелер туура эмес таанытылат. Диний билим берүү жаатында иш алып барган окуу жайлар, мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарын көп учурда аткара бербейт.квалификациялуу кадрлар болбогондуктан диний билим берүүнүн да программалары жакшы жолго коюла элек. Ошондуктан жарандар чет өлкөдөн билим алып келет. Бул багытта да мониторинг жана болжолдоо системасы жок* [12, 13]. Негизги, бакалавр, магистратура жана докторантура жаатында жаңыдан гана ишмердүүлүк башталган Кыргызстанда, дагы деле бирдиктүү программа түзүлө элек жана чет өлкөнүн тажрыйбасы гана эске алынат. Андыктан бул жаатта да тез арада иш-аракеттер аткарылышы керек жана өз алдынча илимий-изилдөөлөр жүргүзүлүшү керек.

Эң акыркысы динге байланышкан бардык тармактардын текшерүүдөн өткөрүү ишинин алсыздыгы. *Мындан улам диний бирикме, диний окуу жай, чет өлкөлүк диний бирикмелердин миссиялар, диний объектилер жана ибадатканалар эсептик каттоодон өтүүдө аябай кечигип жатат. Диний окуу жайларынын окуу программалары жана пландары, дин таануучу экспертизадан өтүү жагында да кеч калууда. Демек бул иштердин оптималдаштырылган системасын ишке киргизүү керек* [12, 13].

Жогоруда белгиленген жана башка дин жаатындагы көйгөйлөрдү чечүү максатында биринчи кезекти мыйзам негиздерин жаңылоо, толуктоо зарыл. Себеби диний жаатындагы мыйзам 2008-жылы кабыл алынып, андан бери диний чөйрөдө көптөгөн жаңы кырдаалдар, маселелер, өзгөрүүлөр пайда болду. Мыйзам негиздерин кабыл алып, өлкөнүн светтик принципин бекемдөө аркылуу дин жаатын жөнгө салууну күчөтүү зарыл. Мындан сырткары мамлекеттик саясаттын диний чөйрөдөгү механизмдерин ишке ашырууда, коомдук жана диний институттарды өз ара кызматташууга чакыруу жана өз мамилелерди түзүү принцибин камсыз кылуу керек. Бул үчүн конструктивдүү диалог түзүүгө жана өз ара аракеттенүү механизмдерин активдешитрүүгө көңүл буруу керек. Ошол эле учурда бул иш-аракеттер кызыкдар тараптардын укугун коргоп берүү нормаларын сактоого тийиш. Азыркы күндө бул багытта Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы диний бирикмелер менен мамлекеттин ортосунда туруктуу диалогдук аянтчаларды түзүүгө негизделген тегерек стол, конференция, түшүндүрүү иштерине багытталган видео-роликтер жана чет өлкөлүк өнөктөштөр менен чогуу иштеше ала турган платформаларды түзүү максатында жыйындарды өткөрүп келет.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Robert Dahl, *Polyarchy*, New Haven: Yale University Press, 1971.
2. Garner, R. & Ferdinand, P. & Lawson, S. (2012), *Introduction to Politics* (Oxford University Press, 3rd ed.)
3. Russell, Peter H. (1987), ‘’Pluralism, Political’’, Kuper, Jessica (ed.), Political Science and Political Theory (London & New York: Routledge & Kegan Paul), – ss. 170-171.
4. Borovalı, Murat (2007), “Ahlâkî Çoğulculuk ve Siyaset”, M. Ö. Alkan & T. Bora & M. Koraltürk (der.), *Mete Tunçay’a Armağan* (İstanbul: İletişim), – ss. 221-250.
5. 2021-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын Концепциясы [Интернет булак] https://cbd.minjust.gov.kg/430711/edition/1098958/kg
6. Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын 2024-жылдын январындагы маалыматы.

7. Дин Чөйрөсүндөгү Мамлекеттик Саясат Жана Кыргызстандагы Негизги Диний Агымдар, Усулдук китепче, Жалпы редакция : Молдалиев О.А., Автордук коллектив : Чотаев З.Ж., Турсунбеков З.А., Жумакунов Э.М., Сманова Н.Т., Гайббаева А.Т., Бишкек ш., 2015-ж.
8. Официальный сайт Государственной комиссии по делам религии при Президенте Кыргызской Республики [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://religion.gov.kg.
9. Текущий архив Государственной комиссии по делам религии при Президенте Кыргызской Республики – 2015. Мониторинг религиозной ситуации ГКДР КР. Сент. 2014.
10. Постановление Президента Кыргызской Республики «О концепции развития самосознания граждан в качестве граждан Кыргызской Республики в Кыргызской Республике на 2021-2026 годы»//«Эркин Тоо»2020 г. 1 дек. № 98
11. Курбанова Н.У., Бекбоева А.К., Жыргалбекова Г.К., Духовная Безопасность Как Один Из Государственных Механизмов Воспитания Молодежи [Текст] / К.Н.Умаровна // Вестник КГУ им. И.Арабаева. 2022. – С. 358-364.
12. КР Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия усулдук китепче “Мамлекет жана дин” 2016-ж
13. КР Коргонуу кеңешинин диний саясат Концепциясын иштеп чыгуудагы Жумушчу топтун материалдары, 2014.

**Рецензент: доктор исторических наук, профессор Курбанова Н.У.**